Кабыл алынды:
№1 педкеңеши
"30" август 2022-жыл

Бекитилди
Мектеп директору Төлөбек кызы Анара
"30" август 2022-жыл

Жоробек Сатылганов
орто мектеби

# Мектепте коопсуз чөйрө түзүү эрежелер топтому

**Түзгөн:**
**Күнү: 30.08.2022ж.**
**Жоопкерчиликтүү орган: мектептин админстрациясы**

Кабыл алган күнү: 20.08.2022ж
Кайра карап чыгуу мөөнөтү: 20.08.2023ж

Бул эрежелер топтому Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебинин ата-энелердин жана мугалимдердин күтүүлөрүн белгилейт.

## Киришүү:

Мектепте физикалык, психологиялык, экологиялык жана маалыматтык коопсуздук түзүүдө талаптарын аткаруу, шарт түзүү, коопсуз абал жаратуу. Коопсуз кырдаалда иштөө шартын жеткирүү жана аткаруу.

**1.Максаты**:

**Мектеп – бул балдар убактысынын көбүн өткөрүүчү жай, андыктан мектептик имаратта ыңгайлуу микроклиматты түзүү менен, коопсуз чөйрөдө окуучулардын жетишүүсүнө жана ишке жөндөмдүүлүгүнө маанилүү шарт түзүү**

**2.Милдеттери:**

- мектепте коопсуз чөйрө түзүү максатында, психологиялык,физикалык, экологиялык, маалыматтык коопсуздук шартын түзүү

Сканировано с CamScanner

- балдардын,кызматкерлердин ден соолугуна зыян келтирбөө
- эрежелерди так сактоо

**3.Мазмуну:**

1) Максаты
2) Киришүү
3) Милдеттери
4) Жүрүшү
5) Чара колдонуу
6) Тиешелүү документтер

**4.Жүрүшү:**

**1. Билим берүү мекемесинде коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү:**

1) психологиялык коопсуздук - билим берүү мекемесиндеги чөйрөдө зомбулуксуз, бири-бирин түшүнүү менен мамиле кылган толеранттуу, жагымдуу ички атмосфера түзүү;

*мугалимдер бири-бири менен жагымдуу, сый, жоопкерчиликтүү мамиледе болуп, улууга урмат, кичүүгө ызаат принцибинин сакталышы.

*улуу муундагы мугалимдердин бири-бирине сый мамилесинин кичүү муундарга өтүүсү жана окуучуларга үлгү катары болуусу.

*мугалимдердин мектептеги кенже кызматкерлерге жылуу, сый мамилеси. Бул мамиле окуучуларды эмгекти сыйлоого тарбиялайт.

*кенже техникалык кызматкерлердин мектеп чөйрөсүндө өзүн маданияттуу, толеранттуу алып жүрүүсү.

* мугалимдердин окуучуларга жагымдуу мамилеси

* окуучулардын бири-бири менен жолдоштук мамилеси;

-- окуучу үчүн коопсуздуктун толуктугун камсыздаган, бардык тобокелдиктердин түрлөрүн азайткан чөйрө түзүү.

--окуучунун укугу чектелбеген

--зомбулуксуз

--толерантуу

-- улуулардын күч колдонбоосу (рэкет, зордоп сурап алууну жоготуу), жылуу мамилеси,

-- окуучуларга психологиялык комфортту камсыздоо

**2) физикалык коопсуздук –**

* өзгөчө кырдаал учурундагы коопсуздуктун сакталышы

*мектеп имаратынын стандартка жооп берүүсү

* ар жылы ремонттон өткөрүп туруу

* окуу жабдыктары баланын жаш өзгөчөлүгүнө жооп берүүсү

*граждандык коргонуу коопсуздугунун сакталуусу;

--коопсуздук шарттардын болуусу (пандус, приборлорду колдонуу эрежелердин так сакталышы)

-- окуучуларга, кызматкерлерге коопсуздук эрежелерин жеткирүү

-- коопсуздук эрежелеринин планынын болуусу, көрүнүктүү жерлерде илинүүсү жана окуучуларга, кызматкерлерге жеткиликтүүлүгү

-- коопсуздук эрежелеринин сакталуусу боюнча кварталына бир машыгуу уюштуруп туруу

-- өрт коопсуздугунун эрежелерин так сактоо,сактануу каражаттарын дайым толуктап туруу

3) экологиялык коопсуздук-

*таза абанын камсыздалышы (экология, туура желдетүү)

* таза суу (дайым текшерүүдөн өткөртүп, жыйынтыгы менен таанышып туруу)

*ыңгайлуу температуралык режимдин сакталуусу

* жарыктын жогорку сапаты (күндүн жарыгынын туура тийүүсү, энергоэффективдүүлүк)

*мектептин айлана-тегерегин көрктөндүрүү

* туура тамактануу (ашканада туура тамактанууну уюштуруу, көзөмөлдөө, окуучуларга туура тамактануу боюнча иш-чараларды дайым өткөрүп туруу)

* канализация, таза дааратканa

2. Билим беруу мекемесинде коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүдө мектептин жамааты жергиликтүү коомчулук, ата-энелер, коомдук уюмдар менен тийиштүү деңгээлде иш жүргүзүү.

Сканировано с CamScanner

3. Мектепте коопсуз жана сак-саламаттуу билим берүү чөйрөсүн түзүүдө дайым коомчулук, билим берүү уюмдарынын жетекчилери менен биргеликте иш жүргүзүп туруу.

## 2.Мектепте маалыматтык коопсуздукту сактоо.

Максаты: маалыматтын конфидициалдуулугун, максаттуулугун, жеткиликтүүлүгүн сактоо.

Азыркы мектептерде маалымдуулук окуу процессинин негизги инфрастуктурасы катары каралат бирок, ошол эле мезгилде окуучу туура колдонууну билүүсү зарыл. Азыркы мезгилде билим берүү чөйрөсүндө маалыматтык коопсуздукту түзүү эң актуалдуу болууда. Интернеттин зыяндуулугу өсүүдө андыктан, окуу процессинде колдонууда билим берүүнүн закондоруна, укуктук актыларга таянуу зарыл.

Маалыматтык коопсуздукту сактоодо-

-- балдарды зыян маалыматтардан сактоо максатында, ата-энелерди укуктук нормативдик база менен тааныштыруу

-- балдарга ар дайым интернеттин зыяндуулугу жөнүндө сабак өткөрүп туруу

--мекеменин сайтына мугалим менен биргеликте кирүү

-- билим беруу процессинде балдарды интернетке кирүүсүндө алардын өсүүсүнө, ден соолугуна таасирин тийгизбегендей болуусу

--балдардын маалыматтык коопсуздугун сактоо максатында ата-энелерди окуудан өткөрүп туруу

-- мектепке электрондук күндөлүктү кригизүүдө мугалимдерди окутуу, баалоонун күнүгө жүргүзүлүшү, баалардын оьективдүү коюлушу.

--мектепке электрондук күндөлүктү киргизүүдө ата-эненин маалымдуулугуна көңүл буруу

-- электрондук күндөлүктөгүүбаланын эмгегин баалоодо конфидициалдуулуктун сакталышы

--балдарды негизги маалыматтык коопсуздукка окутуу менен, маалыматтык маданиятка тарбиялоо

--баланын монитордун экранында болуусуна убакытты чектөө.

-- айрым сайттарга, интернет-серверлерге кирүүнү блокко коюу.

-- айрым оюндар жана программаларды кое берүүгө тыюу салуу

**1) Эреже камтылган сфера**:

- Эрежени сакталышына; уюштуруучу,завхоз жооптуу.
- Эреже мектептин кызматкерлери ,окуучуларга тиешелүү.

**2).Аныктама:** Эрежелер топтому КРнын Өкмөтүнүн жана КРнын Билим берүү,илим министрлигинин токтомунун негизинде иштелип чыкты.

**3)Жоопкерчилик:** мектеп админтрациясына жүктөлөт

**4) Процедуралары:**

- иштелип чыккан эрежелер топтомуна ылайык ар бир участокто өз-өзүнчө жүргүзүлөт(тиркемелер)

## 5. ЧАРА КОЛДОНУУ

эрежелер топтомунда көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаса, тиешелүү кызматкерлер;

-эскертүү

-мөөнөтү көрсөтүлгөн кагаз түрүндөгү эскертүү

**6.Тийиштүү документтер жана тиркемелер:**

-КРнын Өкмөтүнүн Токтому

-КРнын Билим берүү жан илим министрлигинин Токтому

- Мектеп ичинде иштелип чыккан «мектепте коопсуз чөйрө түзүү Эрежелер топтому»

Сканировано с CamScanner